**Ош мамлекеттик университетинин Окуу-методикалык кеңешинин кезектеги жыйынынын**

**№6 ПРОТОКОЛУнан көчүрмө**

**9.06.2022** **Ош шаары**

Катышканы – 32
Катышпаганы – 8 (себептүү)

**Күн тартиби:**
3. Ар түрдүү маселелер

**Угулду:**
**ОшМУнун Окуу-методикалык кеңешинин координатору А.Б. Раимова:** Урматтуу жыйындын катышуучулары, менин колумда МИТ факультетинин ОМКнын отурумунун протоколунун көчүрмөсу турат. Анда, мындай сунуш берилген: “2022-2023-окуу жылынан баштап жана кийинки жылдарга МИТ факультетинин МИОТ жана ББМ кафедрасы тарабынан жетектелүүчү 550200 «Физика-математикалык билим берүү» (магистр) (Математика жана Информатика) адистигине педагогикалык адистиктен тышкары 510200 «Колдонмо математика жана информатика», 710300 «Колдонмо информатика», «Математика» багыттарын аяктаган бүтүрүүчүлөрү кабыл алынуусу”.

**Сөзгө чыкты:**
**ОшМУнун АББСДнын жетектөөчү адиси С.Т. Атакулов:** Урматтуу кесиптештер, жогоруда маселенин көтөрүлүшүн туура көрөм, себеп дегенде бизден КМИ жана ПИ адистигин бүтүрүп, мектепте иштеп жаткан мугалимдер магистратурага тапшырабыз деп суранып келишет.

**ОшМУнун АББСДнын жетектөөчү адиси К.А. Сооронбаева:** Урматтуу кесиптештер, менда белгилей кетейин, учурда Ош дубанын шаарларындагы жана айылдардагы мектептерде орус тилдүү математиктер жетишсиз болгондуктан, педагогикалык эмес тектеш адистикти бүтүп баргандар аргасыздан математика сабагын бергенге туура келүүдө. Сурамжылоонун негизинде аймактарда орус тилдүү мугалимдердин жетишсиз экендиги байкалууда.

Ошол себептен, математика жана информатика мугалимдери жетишсиздигине байланыштуу 2022-2023-окуу жылынан баштап жана кийинки жылдарга кафедра тарабынан жетектелүүчү 550200 «Физика-математикалык билим берүү» (магистр) (Математика жана Информатика) адистигине педагогикалык адистиктен тышкары 510200 «Колдонмо математика жана информатика», 710300 «Колдонмо информатика», «Математика» багыттарын аяктаган бүтүрүүчүлөрдү кабыл алынышы туура деп ойлойм.

**ОшМУнун Окуу-методикалык кеңешинин координатору А.Б. Раимова -** Урматтуу жыйындын катышуучулары, магистратуранын Физика-математикалык билим берүү адистигине тапшырып окуйм деген педагогикалык эмес тектеш адистиктерди бүтүргөн студенттердин, мугалимдердин көйгөйүн чечүү максатында колго салып коёлу!

Макул – баардыгы (бир добуштан), каршы жок. Анда эмесе түшкөн сунуштун негизинде күн тартибиндеги маселени карап чыгып, ОшМУнун окуу-методикалык кеңешинин жыйыны

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. ОшМУнун кабыл алуу комиссиясына 2022-2023-окуу жылынан баштап жана кийинки жылдарга МИТ факультетинин МИОТ жана ББМ кафедрасы тарабынан жетектелүүчү 550200 «Физика-математикалык билим берүү» (магистр) (Математика жана Информатика) адистигине педагогикалык адистиктен тышкары 510200 «Колдонмо математика жана информатика», 710300 «Колдонмо информатика», «Математика» багыттарын аяктаган бүтүрүүчүлөрү кабыл алынсын.

ОшМУнун окуу-методикалык кеңешинин жыйынынын төрайымы — М.А. Алтыбаева

ОшМУнун окуу-методикалык кеңешинин координатору — А.Б. Раимова